## Мамлекеттик казына векселдеринин рыногу

*(2017-жылдын октябрь айы)*

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде биринчилик рыногунда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин казына векселдерин жайгаштыруу боюнча 6 аукцион өткөрүү пландаштырылган. Жыйынтыгында эки аукциондо 3 айлык мамлекеттик казына векселдери (мындан ары - МКВ) катышуучулардын жетишсиз санына жана ага ылайык суроо-талаптын жок болгондугуна байланыштуу жайгаштырылган эмес. Алсак, отчеттук мезгил ичинде жарыяланган эмиссиянын жалпы көлөмү 58,0 пайызга төмөндөө менен 210,0 млн сомду түзгөн. Мындан улам, МКВга карата суроо-талап көлөмү ай ичинде 13,4 пайызга (407,3 млн сомго чейин) жана МКВны сатуу көлөмү 36,7 пайызга, 190,0 млн сомго чейин төмөндөгөн.

Мөөнөттүүлүгү боюнча алганда сатуу көлөмдөрү төмөнкүчө түптөлгөн: 6 айлык МКВнын сатуу - 50,0 млн сомду (-37,5 пайызды), 12 айлык МКВнын сатуу - 140,0 млн сомду (ай ичинде -36,4 пайызды) түзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде МКВнын бардык түрлөрү боюнча орточо алынган кирешелүүлүктүн жалпы көрсөткүчү мурдагы айдагыдай эле 12 айлык МКВ боюнча кирешелүүлүктүн төмөндөшү эсебинен 0,1 п.п. төмөндөө менен 5,4 пайызды түзгөн. Алсак, 6 айлык МКВнын кирешелүүлүгү ай ичинде өзгөрбөстөн 5,0 пайызда, 12 айлык - 5,6 пайызда (-0,1 п.п.) калыптанган.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын бюджет тартыштыгынын таза каржылоо өлчөмү (-205,2) млн сом өлчөмүндө калыптанган. Отчеттук мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан мурда эмитирленген МКВлардын 452,8 млн сом суммасында (+33,9 пайыз) орду жабылган.

Байкоого алынып жаткан мезгил ичинде жүгүртүүдө МКВлар көлөмү жыл башынан тарта 3,1 млрд сомго чейин (-28,1 пайыз) төмөндөгөн. Алсак, негизги ээлик кылуучулар боюнча МКВ түзүмү төмөнкүдөй калыптанган: МКВга негизги ээлик кылуучу-коммерциялык банктардын үлүшү 9,1 п.п., 74,9 пайызга чейин жогорулаган; институционалдык инвесторлордун үлүшү, тескерисинче, 8,7 п.п., 24,6 пайызга чейин төмөндөгөн болсо, ал эми юридикалык жактардын-резиденттердин үлүшү 0,5 пайызга чейин (-0,4 п.п.) төмөндөгөн.

Байкоого алынып жаткан мезгил ичинде экинчилик рыногунда МКВлар менен операциялар ишке ашырылган эмес.

**1-график. МКВга карата суроо-талап жана аны жайгаштыруу**



**2-график. МКВ боюнча суроо-талап, сатуу жана кирешелүүлүк көлөмүнүн динамикасы**




**3-график. МКВны сатуу көлөмүнүн динамикасы**




**1-таблица. Номиналдык нарк боюнча МКВга ээлик кылуучулардын түзүмү**

*миң сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Ком. банктар | | Институцион. инвесторлор | | Жеке адамдар - резиденттер | | Юридикалык жактар - резиденттер | |
| | | Сумма | Сал. салмак | Сумма | Сал. салмак | Сумма | Сал. салмак | Сумма | Сал. салмак |
| 01.11.2016 | 4 998 910,0 | 3 176 484,1 | 63,5% | 1 777 405,9 | 35,6% | 0,0 | 0,0% | 45 020,0 | 0,9% |
| 01.12.2016 | 4 587 210,0 | 3 055 547,5 | 66,6% | 1 494 642,5 | 32,6% | 0,0 | 0,0% | 37 020,0 | 0,8% |
| 01.01.2017 | 4 307 710,0 | 2 835 547,5 | 65,8% | 1 435 142,5 | 33,3% | 0,0 | 0,0% | 37 020,0 | 0,9% |
| 01.02.2017 | 4 511 920,0 | 2 947 828,0 | 65,3% | 1 530 072,0 | 33,9% | 0,0 | 0,0% | 34 020,0 | 0,8% |
| 01.03.2017 | 4 713 900,0 | 3 168 404,2 | 67,2% | 1 520 525,8 | 32,3% | 0,0 | 0,0% | 24 970,0 | 0,5% |
| 01.04.2017 | 4 906 400,0 | 3 416 240,2 | 69,6% | 1 459 925,8 | 29,8% | 0,0 | 0,0% | 30 234,0 | 0,6% |
| 01.05.2017 | 4 719 100,0 | 3 583 635,2 | 75,9% | 1 107 775,8 | 23,5% | 0,0 | 0,0% | 27 689,0 | 0,6% |
| 01.06.2017 | 4 216 600,0 | 3 318 030,8 | 78,7% | 870 880,2 | 20,7% | 0,0 | 0,0% | 27 689,0 | 0,7% |
| 01.07.2017 | 4 055 100,0 | 3 362 220,2 | 82,9% | 664 470,8 | 16,4% | 0,0 | 0,0% | 28 409,0 | 0,7% |
| 01.08.2017 | 3 625 400,0 | 2 865 164,8 | 79,0% | 730 801,2 | 20,2% | 0,0 | 0,0% | 29 434,0 | 0,8% |
| 01.09.2017 | 3 432 900,0 | 2 676 586,5 | 78,0% | 726 829,5 | 21,2% | 0,0 | 0,0% | 29 484,0 | 0,9% |
| 01.10.2017 | 3 312 900,0 | 2 586 486,5 | 78,1% | 710 779,5 | 21,5% | 0,0 | 0,0% | 15 634,0 | 0,5% |
| 01.11.2017 | 3 097 900,0 | 2 320 486,5 | 74,9% | 760 779,5 | 24,6% | 0,0 | 0,0% | 16 634,0 | 0,5% |

**2-таблица. МКВ орточо айлык кирешелүүлүгүнүн динамикасы**

*пайыздар*

| Мезгил аралагы | Орточо салмактанып алынган киреш-к | Мөөнөттүүлүктүн түрү боюнча | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 3 ай МКВ | 6 ай МКВ | 12 ай МКВ |
| Октябрь'2016 | 5,7 | 2,8 | 4,8 | 6,7 |
| Ноябрь | 5,8 | 3,0 | 4,9 | 7,4 |
| Декабрь | - | - | - | - |
| Январь'2017 | 5,3 | 2,7 | 4,3 | 6,8 |
| Февраль | 4,5 | 2,0 | 3,2 | 6,1 |
| Март | 4,1 | 1,6 | 2,8 | 5,5 |
| Апрель | 4,0 | 1,5 | 2,9 | 5,3 |
| Май | 4,7 | 2,0 | - | 5,0 |
| Июнь | 4,3 | - | 4,0 | 5,7 |
| Июль | 5,5 | 2,5 | 4,6 | 5,7 |
| Август | 5,6 | 2,7 | 4,7 | 5,9 |
| Сентябрь | 5,5 | - | 5,0 | 5,7 |
| Октябрь | 5,4 | - | 5,0 | 5,6 |

*"-" жарыяланган аукциондордун баары өткөрүлбөгөн катары таанылды*